Айдыңы арткан "Алтынкен"

# «Алтынкен» компаниясынын Нооруз майрамындагы кезектеги иш-чарасы

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"

**«Алтынкен» компаниясынын жетекчилиги салтка айлангандай Кемин районундагы балдарды жана улуу муунду жаз майрамы – Нооруз менен куттуктошту.**

Үстүбүздөгү жылдын 20-мартында «Алтынкен» компаниясынын башкармалыгынын төрагасынын орун басары Акыл Токтобаев жана жооптуу кызматкерлери менен биргеликте Орловка шаарында жайгашкан «Нурмеаиса» балдар үйүндө жана Кемин шаарындагы «Күн шооласы» карылар үйүнүн жашоочуларын куттукташты.

Чындыгында, компания тарабынан ар бир майрамда аты аталган мекемелерди көңүлдөн сырткары калтырбай куттуктап келгенин билебиз.



Мындан сырткары, ар кандай жардамдарды берүүнү салтка айландырып, азык-түлүк жана өтө муктаж болгондорго жакындан жардам алып жатышканын «Нурмеаиса» балдар үйү жана Кемин шаарындагы «Күн шооласы» карылар үйүнүн жетекчилери сыймыктануу менен айтышат.

Бул жолу майрамга карата эки социалдык мекемеге ишкана тарабынан бирден кой, 100 кг. ун, 15 литр өсүмдүк майы жана үч куту ар түрдүү жемиштерди алып барышты.

Өзүнүн куттуктоо сөзүндө Акыл Токтобаев бардыгына ден соолук, бакубатчылык жана убактылуу кыйынчылыктарды жеңүүдө ийгиликтерди каалады.

Ал эми, «Алтынкен» компаниясынын өкүлдөрүнүн келгендигине карылар үйүндө жашаган чоң аталар, чоң апалар да сүйүнүп, батаьларын беришип, компаниянын кызматкерлерине бакубатчылык, жалпы жамаатка аманчылык, ишканага ийгиликтерди каалашты.







Бир сандыктын баяны

Жумагүл БАРКТАБАСОВА, "Кыргыз Туусу"

# Америкадан бери жол баскан, балким Ленин отурган сандык

**Бир ирет Роза Айтматованын үйүнө бардым. Эженин иштөө бөлмесүндө эки сандык турган экен. Бири кадыресе сандык болсо, экинчиси таптакыр башкача көрүнүү. Мен эжеден «Бул кайдан келген сандык?» -деп сурап калдым. Ал күлүп: «Сандыктарымдагы буюмдарды иретке келтирип жаткамын»,- деп калды. Анан ошол өзгөчө сандыктын тарыхын айтып берди.**

1957-жылы атабыз реабилитация болду. Ошондон кийин апама 2 бөлмө үй беришти. Ал кезде апам Чыкең менен бирге жашачу. Андыктан, мамлекет берген үйдү Илгизге берүүнү туура көрүштү. Бирок, ал «Мен Илимдер академиясында иштеп жатам. Үйгө кезекке туруп койгом, кезегим келип калды»,- деп албай койду. Жежем энергетик эле, анын дагы үйгө кезеги жакындап калыптыр. Андыктан, «Атасын көрбөй калды эле, ушу Роза алсын-чы»,– дешип бизге беришти.

Биз ага көчүп келдик. Эки бөлмөлүү үй экен. Хрущевка деп коет, бөлмөлөрү тар, кууш эле. Бирок, биз үчүн бул өтө кубанычтуу окуя болду. Себеби, үй-бүлөбүз менен бир кемпир-чалдын үйүндө жашап, кыйналып жүргөнбүз. Ойлосом, ошол



үйдө 28 квартира болсо, экөө эле кыргыздарга берилиптир, калганы орустар эле. Ал кезде кыргыздарга шаардан батир алуу оор болчу, чынында.

Мына ошол квартирада немец жашайт экен. Анын аялы Украинада жашаган немец экен да, согуш учурунда алардын баарын депортация кылып, Украинадан түндүккө жөнөтүшүптүр. Ошол кезде ал аял бойго жетип турган кыз болсо керек. Анан сүрүлүп барган бир немец жигит экөө таанышып, бир-бирин жактырып, баш кошкон экен.

Ал кишинин атасы Казань университетинде окуп, Ленин менен таанышып, экөө бир-бирине жакын жолдош болуп калат. Анан Ленин бийликке келгенде, аны досу катары чакырып, Америкага соода жаатында өкүл болуп барат. Бирок, ал бир аз иштегенден кийин эле Ленин ооруп калып, Москвага кайра келет.

Ал учурда самолет жок. Сандыктын ичине буюмдарын салып, кемеге салып, жол жүрүп олтуруп Москвага кайтып келген экен. Анан ошол коңшу аял айтып калчу эле: «Бул сандык кайын атамдыкы болгон соң, Ленин келип, балким ушул сандыкка олтургандыр» – деп. Анткени, ал киши Америкадан келгенде Ленин менен жолугушуп турган.

Кийин Ленин өлгөн соң, Сталин анын кадрларын репрессиялаган. Анан ал сандык уул-келининде калат. Алардын баласы согуш башталганда 18-19 жашта болгон. Ал өзүнүн кызматы боюнча чек арада болгон экен. Ал кезде жол жүрүш үчүн сандык өтө ыңгайлуу буюм болгон. Ошентип бул сандык менен түндүккө кеткен экен. Түндүктө кыз менен жигит үйлөнүп, Сталин өлгөндөн кийин түндүктөн кетсеңер кете бергиле, бирок, Москва, Ленинград, Киевге барбайсыңар деп, алар Кыргызстанды тандап алышыптыр. Фрунзеге ушинтип келип, жашап калышкан экен. Ал аял менен жакшы мамиледе элем. Ал кезде даяр кейнек жок, кездеме сатып алып барып ага тиктирчүмүн. Кейнекты абдан жакшы тикчү. Ошентип жүрүп, экөөбүздүн мамилебиз жакшы болуп кеткен.

Бир кезде немецтер Германияга кете баштады. Тиги аял кетпейм дечү эле, бир күнү кетебиз деп калыптыр. Биз жылуу маанайда коштоштук. Алар анан бул сандыкты менин кызым Айгүлгө таштап кетишти. Себеби, кызым да ал аялга барып, кийим тиккенди үйрөнчү эле. Ошентип, Америкадан бери көп жерди баскан сандык биздин үйдө калды. Бул сандыктын таржымалы ушул, – деди Роза эже.